## ФИЛОЛОГИЯ

УДК: 812.51
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-7-13

**Абдуллаева Р.**
пед. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
abdullaeva.rayhan@mail.ru
**Абдуллаева Р**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
abdullaeva.rayhan@mail.ru
**Abdullaeva R.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
abdullaeva.rayhan@mail.ru

# ЭНЕ ТИЛИ САБАГЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН АРТТЫРУУДА ОКУТУУНУН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН РОЛУ

# РОЛЬ НОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ОБУЧЕНИЯ В УЛУЧШЕНИИ РЕЗУЛЬТАТИВНОСТИ УРОКОВ РОДНОГО ЯЗЫКА

# THE ROLE OF NEW LEARNING TECHNOLOGIES IN IMPROVING THE PERFORMANCE OF NATIVE LANGUAGE LESSONS

**Аннотация:** Макалада сабактын натыйжалуулугун арттыруудагы интерактивдүү методдор, аларды сабакта колдонуу жөнүндө сөз болду. Окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуу окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусун, активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн арттырары айтылды. Салттуу окутуу менен инновацялык окутууну айкалыштырып окутуу маселелери каралды.
**Негизги сөздөр:** Билим сапаты, сабак,окутуу, интерактивдүү методдор, салттуу окутуу,чыгармачыл мугалим, окуу процесси, методика,кыргыз тили.

**Аннотация:** В статье говорится об интерактивных методах повышения эффективности урока, их использовании на уроке, констатируется, что использование интерактивных методов обучения повышает интерес учащихся к обучению, деятельности и мышлению. Рассмотрены вопросы преподавания, сочетающего традиционное обучение с инновационным обучением.
**Ключевые слова:** качество образования, урок, обучение, интерактивные методы, традиционное обучение, творческий педагог, учебный процесс, методика, кыргызский язык.

**Annotation:** The article written about interactive methods to improve the effectiveness of the lesson, their use in the lesson. It has been said that the use of interactive teaching methods increases students' interest in learning, activities and thinking. The issues of teaching combining traditional education with innovative education are considered.
**Keywords:** quality of education, lesson, learning, interactive methods, traditional learning, creative teacher, educational process, methodology, Kyrgyz language.

Сабак-. айтканга жөнөкөй болгону менен, өтө татаал процесс. Сабак – бул жекече чыгармачылык. Сабак мазмуну, максаты, өткөрүү методикасы боюнча ар түрдүү болот. Сабакта окутуунун методдору жалпы педагогикалык методдордун негизинде, тилди окутуунун спецификалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык аныкталат. Тилди окутуу методдору тууралуу, аларды бөлүштүрүү боюнча түрдүү көз караштардын болушу – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Чындыгында, азыркы мезгилге чейин, окутуунун салттуу методдору дагы да болсо күчүн жогото элек. Бүгүнкү күндө окутуунун сапатын жогорулатуу максатында заманбап окутуунун көп түрдүү ыкма-методдору пайдаланылып жатат. Мисалы, инновациялык окутуу, инсанга багытталган окутуу, интеграцияланган окутуу, дифференцияланган окутуу, окутуунун компьютердик технологиясы,компетенттүүлүккө негизделген окутуу Албетте, окутуунун мындай технологиялары интерактивдүүлүккө негизделгендиги баарыбызга белгилүү, аны пайдалануунун дагы өз жолу, өз өзгөчөлүктөрү бар. Кандай гана метод болбосун, дидактикалык-теориялык жактан толук негизделип, практикада текшерилет. Кайсы метод тандалып алынбасын, анын алгылыктуулугу, ийкемдүүлүгү, натыйжалуулугу, мугалимдин билим деңгээлине, иш-аракетине, усулдук чеберчилигине, маданиятына, чыгармачылык жөндөмүнө, окутуунун методдорун туура тандоосуна жараша болот. Андыктан мугалим окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдору менен ыкмаларын мыкты өздөштүрүп, аны сабакта предметтин спецификалык өзгөчөлүгүнө, өтүлүүчү сабактын тибине жана окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жана компьютердик технологиянын жардамы менен даярдалган материалдарга жараша системалуу колдоно билүүсү абзел. Окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдоно билүү, окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусун, активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн арттырат. Муну менен салттуу методдорду жокко чыгарып, тануунун зарылдыгы жок. Тажырыйбалуу чыгармачыл мугалимдер бүгүнкү күндө окутуунун интерактивдүү ыкма- методдору менен салттуу методдорду айкалыштырып жогорку деңгээлдеги сабактарды өтүшүүдө. Бул, албетте, сабактын сапатын төмөндөтпөй кайра жогорулатууда. Кыргыз тили мугалими окутуунун методдорун туура тандап, аны ыктуу, натыйжалуу колдонуш үчүн түрдүү методдордун теориялык-дидактикалык материалдары менен кеңири тааныш болушу керек. Окуучуда калыптанган кеп ишмердигин андан ары өркүндөтүү жана окуучунун рухий жөндөмүн өстүрүү, эне тилин урматтого үйрөтүү бул кыргыз тилин эне тил катары окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптардан болуп саналат. Кыргыз тили сабагында сүйлөө же сүйлөшүү, көрсөтмө жана практика чоң мааниге ээ. Практикада окуучу сүйлөш керек, суроо берүүгө, ага жооп айтууга, өз оюн, жеке пикирин айтууга, аны далилдөөгө үйрөнүүсү талап кылынат. Ал эми кыргыз тили сабагындагы практика – бул сүйлөө, жандуу пикир алышуу, айтуу, угуу, жазуу жана окуу. Мына ушул өңүттөн алып караганда, билим алуунун негизги булактары болгон сүйлөө, көрсөтмө жана практика бир бүтүндүккө биригишет.

Окутуу процессинде жүргүзүлөгөн мындай иш-аракеттер азыркы учурда окутуунун салттуу жана интерактивдүү ыкмаларын айкалыштырып колдоно билүү менен заманбап технологияларды ыктуу колдонуп, окуучулардын кызыгуусун арттыра ала тургандыгын турмуш көрсөтүүдө. Мындай шартта, окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуу окуучулардын өз алдынча таанып-билүү ишмердигин, окуучу менен окуучунун жана окуучу менен мугалимдин ортосундагы өз ара байланыштарды жогорку деңгээлде ишке ашырган методдор болуп саналат. «Окутуунун интерактивдүү методдору – бул идеяларды түшүнүүгө жана окутуунун максатына жетүүгө жардам берүүнүн негизин түзгөн интерактивдүүлүк каражат катары кызмат кылган методдор» катары бааланган (АБРдин экинчи долбоору. – 2007, 90). Мындан улам интерактивдүүлүк – бул процесс, кыймыл-аракет деген тыянак келип чыгат. Окумуштуу-методист Ж. Чыманов окутуунун бул ыкмасы жөнүндө: “Интерактивдүүлүк бул – окуучунун инсандык жөндөм-шыгына, суроо-талаптарына негизделип, билим берүүнүн майнаптуулугун арттырууга, өркүндөтүүгө жана жаңылоого

(инновацияга) багытталган окуучулардын окууга болгон мамиле, дидактикалык иш-аракеттер системасы дор менен иштөөдө окуучулар кандайдыр бир проблеманы талкуулап, аны чечүүнүн бир нече жолу бар экенин аңдап билишет. Окуучулар өз көз караштары менен башкалардын көз караштарын салыштырууну үйрөнүшөт да, чыгармачылык менен алдыга коюлган маселени биргелешип чечишет. Окуучулардын өзүнө-өзү ишенүүсү пайда болуп, бири-бирине болгон сый мамиле жаралат. Интерактивдүү түрдүү тапшырмаларды топто иштеп аткаруу менен окуучулар:

– жуп менен, чакан топтор, чоң топтор менен иштей билүүгө үйрөнүшөт;

– бири-бирин сыйлоо, кунт коюп угуу көндүмдөрүнө ээ болушат;

– проблеманы көрө билип, аны чечүүнүн жолдорун издөөгө үйрөнүшөт;

– кыргыз тили сабагында сүйлөө жана аны өркүндөтүү баалуу экендигин аңдап билүү менен ар бир окуучу сүйлөө ишмердигин жакшыртууга аракеттенишет;

– сабакка өзгөчө көңүл буруп, аң-сезимдүү ой жүгүртүү менен өз алдынча тыянак чыгара алуу маанилүү экендигин билишет;

Демек, окутуунун интерактивдүү методдорун сабакта эффективдүү пайдалануу менен мугалимдердин да, окуучулардын да активдүүлүгү жогорулап, шыктануу пайда болот.

Сабакта салттуу методдор менен интерактивдүү методдорду өз-өзүнчө бөлүп ажыратпай, алардагы жалпылыкты, биримдикти так аныктап, салттуу методдор менен интерактивдүү методдорду айкалышта колдонсок, сабактын натыйжалуулугу артат.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй интерактивдүү ыкма менен окутууда окуучулардын билим сапаты жогорулап,сабактын натыйжалуулугу артат.Окуучулардын өз алдынчалыгына жана демилгелүүлүгүнө дайыма колдоо көрсөтүү аракети менен жүргөн мугалимде да чыгармачылык активдүүлүк жаралат.

Кыргыз тилин окутуудагы салттуу методдор менен катар эле кыргыз тили сабагында «Билем, билгим келет, билдим», «Карусель», «Вендин диаграммасы», «Инсерт», «Эки беттүү күндөлүк», «Синквейн», «Жазуу жүзүндөгү тегерек стол», «Беш мүнөттүк эссе», «Он мүнөттүк эссе», «Ачык суроолор», «Башкарылган элес кыял», «РАФТ», «Т-схемасы», «Суроолор дарагы», “Кластер”, “Кейс-стади” сыяктуу көптөгөн интерактивдүү метод, стратегиялар кеңири колдонулуп келүүдө. Бул стратегиялардын айрымдарына токтолсок.

ББКБ-интерактивдүү стратегиясы. Тема менен иштөөдө изилдөөнү өткөрүү ыкмасы. Бул ыкманын кадамдары (үч бөлүккө бөлүнгөн таблицаны толтуруу) Билем, билгим келет, билдим – стратегиясын жаңы теманы өтүүдө, бышыктоодо колдонулса натыйжалуу болот. Анткени окуучулар өтүлө турган тема боюнча эмне билсе билгендерин билем графасына толтурушат. Бул мугалимге сабакта өтүлчү теманын кайсы жерлерине басым жасап түшүндүрүү керектигин аныктоого жардам берет. Табилицадагы билем графасы толтурулгандан кийин, билгим келет бөлүмү менен иштөө жүрөт. Тема боюнча эмнелерди тереңирээк билгиси келсе аны аташат, мугалим аны доскага графага жазат. Пайда болгон суроолор же болбосо билгиси келген 2 же 3 маалымат боюнча топко бөлүнүү,маселелерди топто талкуулоо жүргүзүлөт (же үй тапшырмасы катары берсе да болот). Мугалим сабак өтүүдө окуучулардын билгиси келген суроолоруна басым жасоо керек

Кошумча адабияттардан пайдаланып окуучулардын тереңтетип билгиси келген суроолоруна жооп жазып келүүгө, же изилдөө жүргүзүп презентация жасоо жагы тапшырма берилет. Эң аягында билдим деген графа толтурулат. Стратегия суроо жооптор менен кошолот, жыйынтыкталат

Кадамдары:

1. Биринчи тилкеге тема боюнча эмнени билсе, б.а. билген маалыматтарын жазуу.

2. Экинчи тилкеге тема боюнча кошумча кандай мааламаттарды (суроолорду ) билгиси келгендигин жазуу. Тема менен иштөө текст же слайд түрүндө, же мугалимдин аңгемеси аркылуу болот. Ушундан кийин пайда болгон суроолор жазылат.

3. Жаңы өздөштүргөн маалыматтарды билдим бөлүмүнө жазуу.

Кыргыз тили сабагында бул ыкманы колдонуу аркылуу окуучулардын тигил же бул тема боюнча түшүнүктөрү тереңдейт, окуучуларда мотивация пайда болот да, натыйжада сабактын эффективдүүлүгү артат.

| БИЛЕМ | БИЛГИМ КЕЛЕТ | БИЛДИМ |
|---|---|---|
| Тема боюнча билген маалыматтар жазылат. | Тема боюнча билгиси келген маалыматтар жазылат.<br>Текстти окугандан кийинки пайда болгон суроолорду жазуу. | Суроолордун жооп-тору жана жаңы билген маалыматтар жазылат. |

**РАФТ – «Роль – Аудитория – Форма – Тема»** – окуучулардын чыгармачыл жазма иштерин жүргүзүүнүн интерактивдүү бир ыкмасы. Кадамдары:

1. Роль – текст, же эссе, же дилбаян кимдин атынан жазылат? Кимдин ролун аткарам? (студент, жазуучу, президент, турист, социолог, врач).
2. Аудитория – сөзүбүз кимге айтылат? Кайсы дарекке багыттайбыз? Кимге кайрылабыз? (сатуучуларга, изилдөөчүлөргө, досторго, ата-энеге, студенттерге, врачтарга…)
3. Форма – кандай, кайсы формада сүйлөйбүз? Кандай сөздөрдү, айтылышты тандайбыз? (доклад, эссе, этюд кайрылуу, кат, аңгеме, чакырык…)
4. Тема – конкреттүү эмне жөнүндө сүйлөйбүз? Эмнени айткыбыз, билдиргибиз келет?

**Он мүнөттүк же беш мүнөттүк эссе. Он мүнөттүк эссе** – окуучулар тексттин же теманын үстүнөн болгон иштен кийин он мүнөттүн ичинде эркин чыгармачыл жазуу ыкмасы боюнча үзгүлтүксүз окубай туруп, эч нерсени оңдобой туруп жазган жазуу иши.

Убакыттын өтүшү менен мугалим окуучулардан жазылганды карап чыгууну, негизги ойду белгилөөнү жана бул идеяларды негиз катары пайдаланып, ашыкчасын чыгарып салып жазуу ишин улантуусун сурайт.

**Эссе** – бул курамдык бүтүндүгү жана логикалык ырааттуулугу бар, анча чоң эмес көлөмдөгү окуучунун чыгармачылык жазуусу. Эссе белгилүү бир тема же маселе боюнча жеке пикирин, жеке таасирленүүнү чагылдырат жана толук сүрөттөөнү талап кылбайт. Өз пикирин адабий тексттерден, массалык маалымат каражаттарынан же турмуштук байкоолордон алган мисалдар аркылуу толуктаса болот.

Эссе жазуунун **максаты** – тандап алган тема боюнча окуучунун чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, өз позициясын далилдеп, коюлган маселе боюнча өз ой-пикирин билдирүүгө машыктыруу болуп саналат.

**Эссе жазууда төмөнкүлөрдү эске алуу керек:**

1. Берилген теманын маанисин түшүнүү, анын мазмунун жана көлөмүн, чектерин аныктоо;
2. Жазууда түзүлүштү сактоо, материалды ырааттуулук менен жайгаштыруу, план түзүү жана байланыштуу текстти түзүүдө аны кармануу;
3. Материалга, жалпы темага баа берип, сүрөттөлүүчү нерсеге өз мамилесин билдирип, эссенин текстинде аны толкундаткан маселелерге байланыштуу өз көз карашын так түзүү жана жазуу түрүндө аны түшүндүрүү
4. Негизги суроодон четтеп кетпөө, темадан учу кыйры жок алагды болууга, зарылсыз кайталай берүүгө жол бербөө.
5. Аталган идеялардын авторлоруна шилтемени көрсөтүү
6. Негиздүү далилдерди тандоо жана аларды сабаттуу жазып көрсөтүү;
7. Орфографиялык жактан текстти туура жазып, тыныш белгилерин коюп, текстти абзацтарга бөлүп, кызыл сызыкты, талааларды жана башка талаптарды сактоо.

**Сүрөт галереясы (Эссе)**

Борбор калаабыздагы “Алатоо” кинотеатрынын жанында сүрөт галереясы жайгашкан. Бул жерде Кыргызстандын эң мыкты сүрөтчүлөрүнүн өз колу менен тартылган сүрөттөрү сатылат

10-октябрда биз тайпабыз менен сүрөт галереясына бардык. Бул жайга келгенде өзүнчө бир керемет дүйнөгө туш келгендей болосуң. Ар түрдүү боектор, тематиканын кенендиги, сүрөтчүлөрдүн чеберчилиги, көркөм ойлоосунун катардагы адамдардан башкача элестүүлүгү, сүрөт тартуу ыкмалары, техникасы адамды өзүнө тартып, арбап алат. Пейзаж, портрет, тиричилик жана тематикалык картиналары, натюрморттор – деги ар түрдүү табиттеги адамдар керектөөсүнө, суроосуна жараша өзүнө ылайык жаккан нерсесин таба алышат.

Сүрөттөрдү карап отуруп, ушул сүрөттөрдүн ичинен мага жакканы – “Ала-Арча” аттуу сүрөт болду. Ал сүрөттө Кыргызстандын эң көрүнүктүү, керемет жайларынын бири – “Ала-Арча” эс алуу жайы тартылган. Өлкөбүзгө келген туристтер, меймандар бул жерге келгенде, абасынан кере-кере дем алып, жерибиздин сулуулугуна, кооздугуна суктанып, тамшанышат.

Чындыгында эле – “Ала-Арча” эс алуу жайы абдан кооз. Карагай – арчалуу бийик тоолору, ак мөңгүдөн агып келген мөлтүр тунук суулары, шаркыратмалары, тоо-таштарда ойноп жүргөн аркар, бугулар – булардын бардыгы адамды суктандырбай койбойт. Атайын адамдар тегерете чогуу отурсун үчүн даярдап койгондой бак – шактуу табигый орундары, ар түрдүү оюндарды ойноого ылайык көк майсаң шибери бар. Мына ушундай керемет жергебизди сактап, кийинки муундарга өткөрүп беришибиз биздин ыйык парзыбыз экенин эч качан унутпайлы.

Сүрөт галереясынан ары бассаң, кара жыгач сейил багына туш келесиң. Гезит окуп эс алып отурган кары адамдарды, махабатка назданган жаштарды көрөсүң. Перзентин жетелеп же кол арабага салып сейилдеп жүргөн ата-энелер да бар.

Бизди кызыктырган нерсе – сейил бактагы бедизчилердин эмгектери болду. Ташка түшүрүлгөн элестердин ар бири өзүнчө түшүнүктү, мазмунду берет, маанисинин тереңдиги, психологиялык таасирдүүлүгү менен бири – биринен айырмаланып турат. Бедизчилердин тактыгына, ар нерсеге үңүлүп карап, даана образ түзө алганына ыраазы болосуң.

Бизге ушундай көрсөтмөлүү экскурсия – сабак уюштурган эжебизге ырахматыбызды айтып, үйлөрүбүзгө тарадык. Бүгүнкү алган таасирлерибиз жүрөгүбүздүн бир бурчун ээлеп, жан – дүйнөбүзгө жылуулук тартуулап келатты.

**Эки бөлүктүү күндөлүк** – текст менен иштөөнүн интерактивдүү ыкмасы. Күндөлүктү толтуруу үчүн атайын убакыт талап кылынат.

Окулган текске, же өтүлгөн темага карата окурмандын түздөн – түз реакциясын ачып көрсөтүү үчүн, же окуучулардын өтүлгөн тема боюнча түшүнүгүн аныктоо, же сабакты талкуу түрүндө өтүүнүн жолу.

Кадамдар:

1. Мугалим студенттерди тексттин башынан, ортосунан, аягынан бир нече цитаталарды тандоону сурайт (тексттин көлөмүнө жараша).
2. Цитата узун болбошу керек, (фраза, сөз же бир сүйлөм).
3. Цитатаны күндөлүктүн сол тилкесине жазуу керек.
4. Бардык комментарийлер оң тилкеге жазылат.
5. Биринчи цитатаны окуп, комментарий берүүнү сурайт. Аудиториядагы башка окуучулар да комментарий айтышат.
6. Окулган цитатага окшош же жакын цитаталар окулат жана комментарийлерин угабыз. Бир эле цитата окуучулар тарабынан ар түрдүү берилиши мүмкүн.
7. Кийинки цитатага өтүү жана көрсөтүлгөн үлгү боюнча андан ары талкуулоо.

Сүйлөм мүчөлөрү боюнча жыйынтыктоо сабагындагы түзүлгөн.

**Эки бөлүктүү күндөлүк**

| Цитата | комментарий |
|---|---|
| Ойлонуп отурган Камчыбек боз жорго менен жолго чыгып кетти деген сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү | 1. Айтылыш максатына карай: жай сүйлөм<br>2. Түзүлүшүнө карай: татаал сүйлөм<br>3.Баш мүчөлөрдүн катышына карай: эки тутумдуу сүйлөм<br>4.Айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай: жайылма сүйлөм<br>5. Сүйлөмдүн курулушуна карай: толук сүйлөм |
| | Эгерде сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышуу жолдору аныкталыш керек болсо, анда негизги сөздөн багыныңкы сөзгө карай сызык жүргүзүлөт да, алардын ортосундагы байланыштын түрлөрү айтылат, анын үлгүсү төмөнкүдөй: *башк.*<br>*ыкт. ээрч.*<br>*Ойлонуп отурган Камчыбек боз жорго менен жолго чыгып кетти.*<br>Сүйлөмдүн курамындагы сөз айкашынын синтаксистик кызматын байкап көрөлү,<br>Эмне болду?-чыгып кетти-баяндооч; ким чыгып кетти?-Камчыбек-ээ; кайда кетти?-жолго-бышыктооч; эмне менен кетти?-боз жорго менен толуктооч; кайсы Камчыбек?-ойлонуп отурган-аныктооч. |
| | Баш мүчөлөр :<br>Ээ (түз сызык)____________________<br>Баяндооч(эки сызык)==========<br>**<u>айкындооч мүчөлөр:</u>**<br>аныктооч (толкун сызык)~~~~<br>толуктооч (үзүк сызык) - - - - - -бышыктооч(үзүктүү чекит) _._._._. |

Окутуунун негизги максаттарынын бири окуучунун эркин, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, өз пикирин айта билүүгө үйрөтүү, башкаларды уга билүүгө ,алардын пикирин сыйлоо, алган билимин турмушта колдоно билүү ыктарына ээ кылуу максатында окуучуларга жогорудагыдай ыкмаларды сунуш кылуу менен сабактын натыйжалуулугун арттырууга болот. Албетте, булар иштин бир варианты, класста 20 окуучу болсо ар бири бири - бирине окшобогон тапшырмаларды аткарышат.

Окутуунун жогорудагыдай интерактивдүү формаларын, маалыматтык технологияларын колдонууда мугалим окуучулардын өз ара аракеттенүүсүн колдоп, сабактын сапатын жогорулатуу үчүн төмөнкүдөй шарттарды аткарууну өздөрүнүн алдына коюлган мугалимдик милдеттери экенин түшүнүүлөрү зарыл:

- Окучууларды кызыктыруу, б.а. мотивация берүү, сыйлоо;
- Окуучулардын иштөө тартибин жана тапшырмаларды аткаруу шарттарын аныктоо
- Акылы бардык күч аракети менен окуу мүмкүнчүлүгүн ачуу;

• Предметтер аралык байланышты сактоо: күч жана акыл эмгегин бириктирүү;

• Айрым идеяларды тактоого көмөктөшүү жана аларды тереңирээк түшүнүү үчүн окуучуларга суроолорду берип туруу:

• Окуучуларда кызматташууну, баарлашууну, чыгармачылыкты өнүктүрүү; Ар бир окуучунун оюн кунт коюп угуу;

• Өз алдынчалыкты, өзүнө жоопкерчиликти ала билүүнү жана окучууларды чыр чатаксыз жүрүм-турумун өнүктүрүү;

• Мурда өткөн сабактардын мазмуну жана окуучулардын жоопторун, ой-пикирлерин жаңы теманын максаты, мазмуну менен логикалык жактан байланыштыруу;

Жекече окуу жана эмгектенүү ыкмасын иштеп чыгууга дем берүү; Окуучуларды өз билимин, тажрыйбасын бири-бири менен бөлүшүп курууга чакыруу;

Теория менен практиканы айкалыштырууну;

• Бир окуу темасынын алкагында ар түрдүү иш-аракеттерди айкалыштыруу;

• Окуучуларды максаттуу багытталган компентациясын өнүктүрүү.

Окуучунун өнүгүүсүнө коюлган жаңы талаптар азыркы күндөгү окутуу процессин өзгөртүүнү, мектептерде окутуунун жаңыча жолдорун, жаңы методдорун издөөгө жана колдонууга алып келип отурат. Учурда мугалимдер өздөрүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө сабактын натыйжалуулугун арттыруу максатында окутуунун түрдүү методдору менен формаларын колдонуунун негизинде окуучуларды алгылыктуу методдор менен күн сайын иштетүү менен өз алдынча изденип, пикир айтуу, башка бирөөгө пикирин билдирүү, бири-бири менен мамилелешүү, суроолорду берүү, бирөөнүн оюн угуу жана бири-бирин сыйлоо көндүмдөрүн калыптандыруу менен окуучуларды коллектив менен иштөөгө жоопкерчиликтүү болуп, алган билимдерин жана тажрыйбаларын актуалдаштырууга көнүктүрүшүүдө. Бул процесс окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн текшерүүдөгү компьютердик окутуу каражаттарынын жардамы менен алынган кайтарым байланыштан даана көрүнүүдө.

Ошентип, сабактын натыйжалуулугун артырууда коомдо болуп жаткан информациялык-технологиялык өсүп-өнүгүүлөр менен катар окутуунун заманбап инновациялык технологияларын сабакта кеңири колдонуунун жемиши десек болот. Албетте, методика илиминде мындай жаңылыктардын болуп турушу алдыга жылууга,өнүгүүгө бет алып жатканыбыз кубанычтуу көрүнүш. Бирок окутуудагы мындай жаңылануулары салттуу окууга карама-каршы коюп, аны чанып жокко чыгарууну туура эмес деп эсептейбиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдыкалыкова, А. Касым Тыныстановдун кыргыз тили боюнча окуу китептери жана эмгектери [Текст] / А. Абдыкалыкова // Эл агартуу. – 1997. – №1.
2. Апышев, Б. Жалпы дидактиканын негиздери. – Б.: Мектеп, 1992.
3. Активные формы и методы обучения. Составитель профессор Э. Мамбетакунов. – Бишкек, 2007.
4. Алимбеков, С. Жомокторду окутуу ыкмалары [Текст] / С. Алимбеков // Эл агартуу. – 1990. – №4.
5. Бекбоев, И.Б., Алимбеков, А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. – Бишкек, 2011.
6. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2003.
7. Мехмет, Т., Алимбеков, А. Окутуунун жалпы методдору. – Бишкек, 2004.
8. Чыманов, Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2009.

**Рецензент: филол. илим. док., проф. Сагынбаева Б.**